| Колу | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

**Окуу предмети: кыргыз тили (окуу)** **тема: Созулма аа тыбышы**


**Классы: 1-класс**

| **Негизги компеттенттүүлүктөр** | **Предметтик компетенттүүлүктөр** |
|---|---|
| Маалыматтык (НК1): өз ишин пландаштырат,маалыматты пайдаланат,маалыматты максатка багыттап изденет,салыштырат,чечимдерди кабыл алат. | Тыбыш жана тамга менен иштей алуу компетенттүүлүгү (ПК1) |
| Социалдык- коммуникациялык (НК2): Башкалар менен мамиле түзөт,сүйлөшө билет,маектешет,бири-бирин баалайт,сөз байлыгы өсөт,өз оюн айтат,башкаларды уга билет. | Окуй алуу компетенттүүлүгү (ПК2) |
| Өз ишин уюштуруу көйгөйлөрдү чечүү (НК3): Өз алдынча иштейт,көнүгөт,машыгат,өз ишин талдап,баа берет,жөндөмдүүлүккө,билгичтикке каалоого ээ болот. | Сөз байлыгы менен иштей алуу компетенттүүлүгү (ПК3)<br>Аң сезимдүү окуу,угуу жана адабий түшүнүктөр менен иштей алуу компетенттүүлүгү (ПК5) |

| № | Сабактын максаттары | Көрсөткүчтөр. |
|---|---|---|
| 1 | **Билим берүүчүлүк:** Окуучулар сощулма аа тыбышы менен таанышат. | **Сабак максатына жетет эгерде:**<br>Созулма аа тыбышынын жоон жана созулуп айтылышын билишет. |
| 2 | **Өнүктүрүүчүлүк:** Байланыштуу туура сүйлөөсү, сөз байлыгы , ой жүгүртүүсү калыптанат. | Созулма аа тыбышы сөздүн кай жеринде кездешкенин аныктап, сөздү муунга бөлүп, сүйлөм түзүшөт.Сөздөргө тыбыштык талдоо жүргүзүшөт. |
| 3 | **Тарбия берүүчүлүк:** Тапкычтыкка, жаратылышты сүйүүгө тарбияланышат. | Өз ойлорун эркин айтууга, бири-биринин оюн уга билгенге тарбияланышат. |

**Сабактын тиби:** жаңы теманы өздөштүрүү
**Колдонулуучу ыкмалар:**түшүндүрүү, көрсөтмөлүүлүк
**Колдонулуучу баалоо ыкмалары**, калыптандыруучу сурамжылоо, сөз жүзүндө баалоо (оозеки кайтарым байланыш).
**Сабактын жабдылышы**: таблица, муундук таблица, темага байланыштуу сүрөттөр, окуу китеби, техникалык каражат
**Сабактын формасы**: топтордо иштөө

| Сабактын этабы | Мугалимдин иш-аракети | Окуучунун иш-аракети | ПК НК | Баалоо |
|---|---|---|---|---|
| **Уюштуруу** | Саламдашуу.<br>Жагымдуу маанай түзүү<br><br>Түстөр менен топко бөлүнүшөт.<br>1-топ,2-топ,3-топ<br><br>Баалоо критерийин айтат. | Саламдашышат.<br>Асманыбыз ачык болсун!<br>Ар дайым күнүм болсун!<br>Жанымда апам болсун!<br>Дайыма мен болоюн!<br><br>Өздөрүн сабакка даярдашат.<br>Үч топко бөлүнүп отурушат | НК2 | Азаматсыңар |
| **Үй тапшырма** | Өтүлгөн темалар боюнча кайталоо | | | |

<table>
<tr>
<td>сын текше рүү</td>
<td>-Биз өткөн сабакта кайсы тыбыш менен тааныштык?<br>-Ж-ш эмне үчүн түгөйлүү үнсүздөр деп аталат?<br>-Ж тыбышы жана ш тыбышы катышкан сөздөрдөн мисал келтирип бергилечи.<br>Таблицадагы муундарды топтордо окушат.<br>
<table>
<tr><td>жар</td><td>шар</td></tr>
<tr><td>жаш</td><td>шаш</td></tr>
<tr><td>жат</td><td>шат</td></tr>
<tr><td>жаш</td><td>шам</td></tr>
<tr><td>жым</td><td>шым</td></tr>
<tr><td>жок</td><td>шок</td></tr>
<tr><td>жыт</td><td>шып</td></tr>
<tr><td>жак</td><td>шак</td></tr>
<tr><td>жап</td><td>шап</td></tr>
</table></td>
<td>Суроолорго туура, так жооп беришет. Ж-ш үнсүздөрдүн айтылышы бирдей болгондуктан түгөйлүү үнсүздөр экенин айтып беришет. Ж жана ш тыбышы катышкан сөздөрдөн мисалдарды келтирип бере алышат.<br>
<table>
<tr><td>1-топ<br>жар-шар<br>жаш-<br>шат<br>жат-<br>шат</td><td>2-топ<br>жаш-шам<br>жым-<br>шым<br>жок-шок</td><td>3-топ<br>жыт-шып<br>жак-шак<br>жап-шап</td></tr>
</table>
Андан кийин чогуу кайталашат.</td>
<td>НК1<br>НК2<br><br>ПК1<br>ПК2<br><br>ПК5</td>
<td>Быйтыкчалар</td>
</tr>
<tr>
<td>Жаңы мате риал менен иштөө</td>
<td>“Мээге чабуул” ыкмасы колдонулат<br><br>Аарынын ызылдаган үнү уктурулат.<br>-Балдар силер эмнени угуп жатасыңар, бул эмненин үнү?<br><br>-Туура айтасыңар аарынын ызылдаган үнү.<br>-Аарылар деп айтып көргүлөчү.<br>Аарылар деген сөздө созулма аа тыбышы бар .<br>-Тыбыш деген эмне, тамга деген эмне айты бергилечи?<br><br>-Бүгүн силер менен созулма аа тыбышы менен таанышабыз.<br><br>Созулма аа тыбышы айтылганда бир тыбышты билдирип, жазылганда эки тамга менен жазылат.<br><br>Сабактын максатын айтуу<br><br>Созулма аа тыбышы жана ал тыбыш катышкан сөздөр менен таанышасыңар.<br><br>-Сүрөттөн эмнени көрүп турасыңар?<br><br>  <br>жаа баатыр саат<br><br>Жаа, саат, баатыр, жаан деген сөздөрдү муундарга ажыратып, тыбыштык талдоо жүргүзөбүз.</td>
<td>Балдар аарынын үнүн угуп, ажырата алышат.<br>Сабактын максаты менен таанышат.Сабакта активдүү катышууга өздөрүн уюштура алышат.<br><br>-Тыбыш дегенди кулагыбыз менен угабыз, оозубуз менен айтабыз.<br><br>Тамганы көзүбүз менен көрөбүз, колубуз менен жазабыз.<br><br>Тыбыш менен тамганын айырмасын айтып беришет.<br><br>Суроолорго жоop беришет.<br><br>Жаа, баатыр, саат деген сөздөрдө созулма аа тыбышы бар экенин айтып беришет.<br><br>Сөздөрдү муундарга ажыратышып, тыбыштык талдоо жүргүзүшөт.</td>
<td>НК 1<br>НК 2<br>НК3<br><br>ПК1<br><br>ПК2<br><br>ПК3<br><br>ПК5</td>
<td>Шыктанды руу, быйтык лар<br><br>Азаматсыңар<br><br>Быйтыкчалар</td>
</tr>
</table>

<table>
<tr>
<td></td>
<td>Мисалы: жаа- 2 тыбыш, 3 тамга бар.<br>1 муундан турат<br>ж- жумшак үнсүз<br>аа-созулма үндүү</td>
<td>1-топ
<table>
<tr><td>сөз</td><td>муун</td><td>тамга</td><td>тыбыш</td></tr>
<tr><td>жаа</td><td>1муун</td><td>3тамга</td><td>2тыбыш</td></tr>
</table>
ж- жумшак үнсүз<br>аа- созулма үндүү<br>2-топ
<table>
<tr><td>Сөз</td><td>муун</td><td>тамга</td><td>тыбыш</td></tr>
<tr><td>баатыр</td><td>2муун баа-тыр</td><td>6 тамга</td><td>5 тыбыш</td></tr>
</table>
б- жумшак үнсүз<br>аа- созулма үндүү<br>т- каткалаң үнсүз<br>ы- үндүү<br>р- жумшак үнсүз<br>3- топ
<table>
<tr><td>Сөз</td><td>муун</td><td>тамга</td><td>тыбыш</td></tr>
<tr><td>саат</td><td>1муун</td><td>4 тамга</td><td>3 тыбыш</td></tr>
</table>
с- каткалаң үнсүз<br>аа- созулма үндүү<br>т- каткалаң үнсүз</td>
<td>НК1<br>НК2<br>НК3<br><br>ПК1<br>ПК2<br><br>ПК3<br>ПК4<br>ПК5</td>
<td>Азаматсыңар<br>Калыптан<br>дыруучу<br>баалоо</td>
</tr>
<tr>
<td></td>
<td>Китеп менен иштөө<br>51-беттеги кырдаалдык сүрөт боюнча айтып беришет.<br><br>Чоң ата бал челектен бал чогултуп жатат. Неберeси чоң атасын карап турат. Анын колунда бал салган идиши бар. Аарылар ызылдап учуп жүрүшөт. Алар гүлдөрдүн ширесинен бал чогултуп келишти. Бал ден соолукка абдан пайдалуу.</td>
<td></td>
<td></td>
<td></td>
</tr>
<tr>
<td></td>
<td>Созулма аа тыбышы катышкан жаңы сөздөр менен тааныштырат.<br><br>Мисалы: каалга, талаа, калаа, араа деген сөздөр менен таанышышат. Сөздүк иши жүргүзүлөт.<br>Ар бир сөздүн маанисин түшүндүрүп берет.</td>
<td>Жаңы сөздөр менен таанышып, сөздөрдүн маанисин түшүнүшөт.</td>
<td></td>
<td>Мактоо<br>Демилгелөө</td>
</tr>
<tr>
<td></td>
<td>Китептин 51-бетиндеги «Аарылар» тексттин окуу.</td>
<td>Текстти окуучулар ар бири бир сүйлөмдөн окуп беришет.<br>Аарылардын адамдарга тийгизген пайдасы тууралуу, балдын ден соолукка пайдалуу экендигин билишет.</td>
<td></td>
<td></td>
</tr>
</table>

<table>
<tr>
<td>Бышык too</td>
<td>Топтордо иштөө<br>  <br>.<br>Сүрөттөр боюнча сүйлөм түзүү.<br><br>Таблица боюнча созулма аа тыбышы катышкан сөздөрдү окуп беришет.<br><br>1-топ
<table>
<tr><td>а</td><td>тар</td><td>шар</td><td>жак</td></tr>
<tr><td>аа</td><td>таар</td><td>?</td><td>?</td></tr>
</table>
2-топ
<table>
<tr><td>ара</td><td>тала</td></tr>
<tr><td>?</td><td>?</td></tr>
</table>
3- топ
<table>
<tr><td>кала</td><td>сат</td></tr>
<tr><td>?</td><td>?</td></tr>
</table>
</td>
<td>1-топ саат деген сөзгө , 2-топ аары деген сөзгө, 3-топ жаан деген сөзгө сүйлөм түзүшөт.<br><br>Ар бир топ таблица боюнча созулма аа тыбышын сөздөргө коюп, окуп беришет.<br><br>Ар бир топ тапшырмаларын жакшы аткарганга аракет кылышат.</td>
<td>НК1<br>НК2<br>НК3<br><br>ПК1<br>ПК2<br>ПК3<br>ПК4<br>ПК5</td>
<td>Кайтарым байланыш</td>
</tr>
<tr>
<td>Эс алуу</td>
<td>Эс алуу максатында көнүгүү жасашат</td>
<td>Кыймылдаттык буттарды<br>Тууралйы эми куштарды<br>Болбойлу алагды<br>Окуйлу сабакты<br>Түз отуралы</td>
<td></td>
<td></td>
</tr>
<tr>
<td>Жыйын тыктоо (кайта рым байл-ш)</td>
<td>Жыйынтыктоо үчүн суроолорду беребиз.<br>-Бүгүн кайсы тыбыш менен тааныштык?<br>-Ал кандай түс менен белгиленет?<br>Созулма аа тыбышы катышкан жаңы сөздөрдү атагыла.<br>Бүгүн эмне билдиң?</td>
<td>Созулма аа тыбышы менен тааныштык.<br>Ал кызыл менен белгиленет.<br>Шаар, саат, калаа, шаар, талаа, араа, жаак, жаан, баатыр, аары.<br>Бал гүлдүн ширесинен алынарын билдик.</td>
<td>НК1<br>НК2<br>НК3<br>ПК3<br>ПК5</td>
<td>Сурамжылоо Оозеки кайтарым байланыш.</td>
</tr>
<tr>
<td>Баалоо</td>
<td>Топтордун жыйынтыгын чыгарат<br>Эң жакшы жооп берген окуучуну мактоо.</td>
<td>Алган быйтыкчаларын санашат, бааланышат.</td>
<td></td>
<td></td>
</tr>
<tr>
<td>Тап шырма</td>
<td>„Аарылар ” тексттин окуу 51-бет</td>
<td></td>
<td></td>
<td></td>
</tr>
</table>